УДК 81. (575.2)
DOI 10.33514/1694-7851-2024-2/1-258-264

**Темирбекова А.Т**
магистрант
И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети
Бишкек ш.
aidaitemirbekova6@gmail.com

# КЫРГЫЗ ТИЛИНДЕГИ ТУУГАНДЫК АТАЛЫШТАРГА ЛИНГВОМАДАНИЙ ИЗИЛДӨӨ

**Аннотация**. Бул макалада туугандык аталыштардын негизги мүнөздөмөсү берилген. Үй-бүлө институту кыргыздар үчүн инсандын инсан катары өнүгүүсүнүн ыйык жайы жана улуттук маданияттын көрсөткүчү. Элдик жакшы салттарда балалуу болуп, урпактарды тарбиялоо, жалпы элдин алдында татыктуу муундарды тарбиялоо – ата-эненин миссиясы. Тууганчылык мамиле бул – ата-эне менен баланын, ата-баба менен анын урук-тукумунун жана теги бир адамдардын ортосундагы өз-ара байланыш. Кыргыз тилинде тууганчылык терминология кеңири өнүккөн жана жыш колдонулат. Салттуу кыргыз коомунда тууганчылык мамилелер чоң роль ойноп, тилде чагылдырылган. Башка көптөгөн маданияттардай эле кыргыз тилинде да жынысына жараша туугандарга карата ар кандай терминдер бар. Маселен, “ата” – ата, “эне” – эне дегенди түшүндүрүп, улууларды урматтоого өзгөчө көңүл бурулат. Улуу муундун тууган-уруктары сыяктуу эле ага-эжелер үчүн да атайын терминдер бар. Кыргыздар көбүнчө үй-бүлөнүн салттуу формаларын, анын ичинде чоң үй-бүлөнү сыйлашат. Демек, көп терминдер ата-энеге, балдарга гана эмес, алыскы туугандарга да тиешелүү. Кыргыздарда туугандык мамилелердин контекстке жана жакындык деңгээлине жараша формалдуу жана формалдуу эмес терминдери бар. Жалпысынан бул макалада кыргыз элинин салттуу баалуулуктарын, улуу муундарга болгон сый-урматын, бекем үй-бүлөлүк байланышты чагылдырган туугандык аттары талдоого алынган.

**Негизги сөздөр:** үй-бүлө; улуттук маданият; урпактары; тарбиялоо; уруктар; туугандык; салттуу баалуулуктар; урматтоо.

**Темирбекова А.Т.**
магистрант
Кыргызский государственный университет имени И. Арабаева
г. Бишкек
aidaitemirbekova6@gmail.com

# ЛИНГВОКУЛЬТУРОЛОГИЧЕСКОЕ ИССЛЕДОВАНИЕ ТЕРМИНОВ РОДСТВА В КЫРГЫЗСКОМ ЯЗЫКЕ

**Аннотация**. В данной статье представлены основные характеристики родственных названий. Для кыргызов институт семьи является священным местом развития человека как личности и показателем национальной культуры. Миссия родителей – родить детей и воспитать детей в добрых народных традициях, воспитать достойные общества поколения. Родство – это отношения между родителями и детьми, предками и их потомками, людьми

одного происхождения. В кыргызском языке терминология родства широко развита и часто используется. В традиционном кыргызском обществе родственные отношения играют важную роль и отражаются в языке. Как и во многих других культурах, в кыргызском языке есть различные термины для родственников в зависимости от их пола. Например, "ата" означает отца, а "эне" – мать, также уделяется особое внимание уважению к старшим. Есть специальные термины для старших братьев и сестер, а также для родственников старшего поколения.
Кыргызы, как правило, уважают традиционные формы семьи, включая расширенную семью. Поэтому многие термины относятся не только к родителям и детям, но и к дальним родственникам. У кыргызов есть формальные и неформальные термины для обозначения родственных отношений, в зависимости от контекста и уровня близости. В целом, в этой статье проанализированы родственные названия у кыргызского народа, которые отражают их традиционные ценности, уважение к старшим поколениям и сильную связь семьи.

**Ключевые слова:** семья; национальная культура; потомки; воспитывать; семена; родство; традиционные ценности; уважение.

**Temirbekova A.T**
master's student
Kyrgyz state University named after I. Arabaev
Bishkek c.
aidaitemirbekova6@gmail.com

**LINGUOCULTURAL STUDY Of KINSHIP TERMS IN KYRGYZ LANGUAGE**

**Annotation.** This article presents the main characteristics of related names. For Kyrgyz, the institution of the family is a sacred place for the development of a person as a person and an indicator of national culture. The mission of parents is to give birth to children and raise children in good folk traditions, to raise generations worthy of society. Kinship is the relationship between parents and children, ancestors and their descendants, people of the same origin. In the Kyrgyz language, the terminology of kinship is widely developed and often used. In traditional Kyrgyz society, kinship relations play an important role and are reflected in the language. As in many other cultures, the Kyrgyz language has different terms for relatives depending on their gender. For example, «ata» means father, and «ene» means mother, and special attention is also paid to respect for elders. There are special terms for older siblings, as well as for relatives of the older generation.
Kyrgyz people, as a rule, respect traditional forms of family, including the extended family. Therefore, many terms refer not only to parents and children, but also to distant relatives. Kyrgyz people have formal and informal terms for family relations, depending on the context and the level of intimacy. In general, this article analyzes the related names of the Kyrgyz people, which reflect their traditional values, respect for older generations and a strong family connection.

**Keywords:** family; national culture; descendants; nurture; seeds; kinship; traditional values; respect.

Кыргыз тили – байыркы тил. Кыргыз тилин изилдөөдө тууганчылык мамиле темасы өтө чоң маанини камтыйт, себеби кыргыздар карым-катнаш аркылуу көп жетишкендиктерди

багындырышкан, турмуш тиричилигин жүргүзүшкөн, каада-салтын калыптандырышкан. Кыргыздар байыртадан эле нике менен үй-бүлөнү бирге жашоонун негизги тиреги катары баалап келишкен. Муундардын түбөлүк алмашуусу, татыктуу жана дени сак урпактарды тарбиялоо маселеси үй-бүлө башчылары үчүн түбөлүк камкордук жана баалуулук болгон. Көчмөн системада мындай сапаттар биринчи кезекте биргелешип жашоо үчүн зарыл. Ар бир кыргыз үчүн үй-бүлөдө ата-эне менен бала, үй-бүлөлүк мамилелер, үй-бүлөлүк каада-салт, сүйүү сыяктуу ата-бабадан калган баалуулуктарды кайра жаратуу жана сактоо гана эмес [4].

Тууганчылык терминдерди төмөнкү топторго бөлүүгө болот [14]:

1) адамдардын бири-бири менен жакын карым-катышына, ымала-алакасына байланышкан: ата, апа, эне, чоң эне, чоң апа, байке, тайке, уул, кыз, куда, кудагый, келин, күйөө, жээн, небере, жек-жаат, тамыр, тууган ж. б.;

2) адамдын жаш курагына байланышкан аталыштар: перзент, бала, уул, катын, кемпир, кыз, жигит, чал, абышка курбу ж. б.;

3) өтмө мааниде колдонулган туугандык аталыштар: туяк, баш, кол, бото, кызыл аяк ж. б. [6].

Кыргыздарда эзелтен баштап, азыркы убакка чейин колдонулуп келе жаткан туугандык аталыштардын ар бири чоң жана ошол эле убакта бир нече маанини камтыйт. Мисалы, иликтей келе турган болсок, “ата” деген туугандык аталыш эркек кишинин өз балдары тарабынан колдонулат жана ошондой эле жаштардын улуу эркектерге кайрылуусунда да кездешет.

Кыргыз эли көп кылымдар бою патриархалдык-уруучулук түзүлүштүн шартында жашаган, бул, албетте, кыргыз тилине таасирин тийгизген. Эркек тараптагы туугандар, эреже катары, «өзүбүздүкү» деп, ал эми аял тараптагы туугандар жакын, бирок чоочундар деп эсептелинет. Кыргыздар эки бир туугандын балдарын никеге тургузууга тыюу салат, анткени алар бир патриархалдык үй-бүлөнүн мүчөлөрү деп эсептелинет, бул эреже жетинчи муунга чейин тарайт. Башкача айтканда, кыздын жетинчи чоң атасынан бери жана жигиттин жетинчи чоң атасынан бери бирөөсү бир туугандар болсо, бул учурда нике кыюуга тыюу салынат. Ал эми эки эже-сиңдилердин балдарынын никеге туруусуна тыюу салынган эмес [9].

Кыргыздардын сөздүк этикетинде туугандык аталыштар сылык мамиленин маанисин да камтыйт. Көп учурда кыргыздар туугандарынын атын атабастан, тергеп, тууганд ык аталыштарды да колдонуп келишет. Кыргыз этноэтикетинин негизги эрежесинде адамдарга кайрылууда бул адамдын сыйлуу ордун көрсөткөн жана башка улуттарда колдонулуучу кошумча кайрылуу сөздөрүн колдонбойт. Мисалы, үй-бүлөдөгү эркектерге колдонулуучу тууганд ык аталыштар: ата, чоң ата, таята, уул, небере, небере уул, жээн, байке, ага (аке), ини, күйөө бала, куда, куда бала, келиндин иниси, жезде, бөлө, таяке, аяш ата, күйөө, кайын ата, кайын ага, кайни, өкүл ата, өкүл бала, бажа ж.б.; аялдарга колдонулуучу тууганд ык аталыштар: апа, эне, чоң апа, чоң эне, таяне, байбиче кыз, небере кыз, эже, карындаш, синди, келин, жеңе, кудагый, кудача, таеже, аяш апа, таяжеңе, аял, кайын эне, кайын эже, кайнисиңди, балдыз, өкүл эне, өкүл кыз, абысын ж.б. [12].

Ошондой эле кыргыздар бири-бирине кайрылууда чоочун болсо да, сылык мамилени билдирүүдө тууганд ык аталыштарды колдонушат. Мисалы, “ата” – атасы же чоң атасы менен тең курактагы адамга, “апа” – апасы же чоң энеси менен бир курактагы аял кишиге, ошондой эле тергөөчү сөздөр “агай” – устатка, улгайган кишиге, “эже” - улгайган аялга же улуу курактагы кыз кишиге, “чоң жигит” - жигитке, “чоң кыз” - кызга, жаш келинге, “балам”, “уулум” - балдарынын же неберелеринин теңтушуна, алардын курагындагы уул-балдарга,

“кызым” – кыздарынын же небере-кыздарынын теңтушуна, алардын курагындагы кыз кишиге колдонулат [2].
Көптөгөн маданияттарда генеалогия тукум дарак образы кадимки дарак менен сүрөттөлөт. Кыргыз эли да «санжыра» деген сөздү колдонуп, тукум улоо темасында тамырга байланыштуу болгон маанини камтыган жана “тукум”, “тамыр”, “пайдубал”, “тирек” деген сөз менен белгилеп келген. Махмуд Кашгари «теги», «тукум» деген сөздөргө мисал келтирет: «көкүң ким?» - «сенин тегиң эмне?». Ошондой эле "тукум" деген сөздүн дагы бир синоними бар – бул "жети ата". Ар бир кыргыз жети атасын билиши керек деген каада-салт бар [7]. Бул кыргыз элине таандык экендигин аныктоого, ошондой эле туугандык никеге туш келбөөгө мүмкүндүк берген. Кыргыздар колдонуучу жети атанын туугандык аталыштары: Ата, Чоң ата, Баба, Буба, Куба, Жото, Жете. Жана атадан тукумга: Ата, Бала, Небере, Чөбөрө, Чебере, Чыбыра, Кыбыра. Санжырага аял киши эсептелинбейт, а бирок кээ бир учурларда тукумда көрүнүктүүлөрү болсо, аты аталып келет. Ошол эле учурда, заманбап изилдөөлөр көрсөткөндөй, генетикалык жактан биз аталык текти эле эмес, энелик текти дагы атап келгенбиз. Андыктан, балким, “жети ата” менен катар жети эненин атын да киргизип коюу туура болот деген суроону окумуштуулар дагы изилдеп келишет. Кыргыздардын коомдук-саясий түзүлүшүндө санжыранын чоң ролу бар [1]. Ал кыргыз ынтымагын чыңдоонун кепилдиги катары кызмат кылат. Бизге белгилүү болгондой, кыргыздар түпкү теги бир ата – Долон-бийден тараган саналуу түрк элдеринин бири. Санжырада саналган ата-бабалардын баарын ээрчий турган болсок, анда кыргыз элинин башталышы эки миң жылдан кем эмес. Кыргыз эли советтик мамлекеттин курамында болгон учурда дагы бийлик тарабынан каада-салттарынын сакталышына жана өнүгүүсүнө катуу кысым көргөзгөнүнө карабай, өз санжырасын сактап калган. Санжыра бизди бириктирет, бир тууган кылат. Санжыра кыргыздарды урууга бөлүнбөй, бири-бирине бир тууган деп эсептелген урук-уруулардан турат деп үйрөтөт [8]. Санжыра бизге бир мамлекетте жашагандарды ага-ини таап, ага-тууган кылууну үйрөтөт. Санжыра – биримдиктин символу [11].

Уруучулук каада-салттар элдин тарыхый жана коомдук аң-сезиминде өз изин калтырат. Кыргызстан биринчи жолу Россия менен жана ССРдин составындагы башка союздук республикалар менен биргеликте адегенде Социалисттик Интернационалдын тең укуктуу мүчөсү болду. Андан кийин Кыргыз Республикасы мамлекеттик эгемендүүлүккө ээ болгондон кийин БУУ, ЕАЭБ, Шанхай Биримдигине мүчө болгон Эл аралык коомчулукка кошулуп, ар кандай финансылык уюмдары менен паритеттүү мамилелерди түзгөн. Ырымдар, үрп-адаттар жана меймандостук салттары көчмөндөрдүн жашоо образынын ажырагыс шериктери болуп саналат жана бул салттуу атрибуттар азыркы кыргыз элинин образында сакталып калган тукум улоонун негизи жана клandдык жамаатта авторитет фактору катары түзүлгөн чындык. Ошондой эле кыргыздарда ымыркайдын жынысына чоң маани берилген. Уул балдар ар кандай турмуштук оордуктарга карабай күчтүү, кайраттуу жана ийилбес болуп чоңоюшу керек эле. Үйдүн сыртында мал кайтаруу, айылды жырткычтардан коргоо, талаа иштетүү, үйлөрдү, сарайларды куруу, отун менен камсыздоо сыяктуу жумуштардын баары эркек балдарга жүктөлгөн. Кыздар жаштайынан үй жумуштарын үйрөнүп, иреттеп, тамак жасаганды, кичүү бир-туугандарын каралашып, үйдөгү тазалыкты сактоого, тартипти камсыз кылууга үйрөнүүсү керек болчу. Тарбияга жана туугандык аталыштарга байланыштуу жүздөгөн макал-лакаптар, ошондой эле аял-эркек философиясы, бул оозеки насааттар үй-бүлөдө кылымдар бою тарбиялык милдетти аткарып келет. «Эр жигит эл четинде, жоо бетинде», «Кызга кырк үйдөн тыйуу», «Кыздуу үйдө кыл жатпайт», «Эркек

болсоң шок бол, шок болбосоң жок бол», «Ата көргөн ок жонот, эне көргөн тон бычат», «Атадан алтоо болсо да, ар жалгыздык башта бар" ж.б. Үй-бүлө ынтымагы, бекем мамилеси макал-лакаптарда айтылат: «Баланы баштан, аялды жаштан», «Баккан ээси жарашса, күйпүл күчүк сак болот, алган эри жарашса, кара катын ак болот», «Вазир жакшы - хан жакшы, аял жакшы - эр жакшы», «Жакшы аял жаман эрди хан кылат» [3]. Кландык коомдо кыргыздардын үй-бүлө түзүлүшүндө ата-эненин таасири негизги жана биринчи орунда турат. Ошентип, байыркы убактан бери адамды анын урук-туугандык сезиминин калыптанышы тарбиялайт. Ошондуктан, аталык жоопкерчилик көчмөн мыйзамында маанилүү, себеби уулунун иш-аракетин жана кыянаттыгын атасынан сураган. Кыргыз үй-бүлөсүндө атанын тынымсыз көзөмөлүндө болуу – бул жашоого чоң даярдык гана эмес, ошондой эле адам болуунун тарбиясы. Ата каталарды кечирет, каталарды оңдоого жол көргөзүп берет, а бирок алсыздыкка жол бербейт. Ошентип, көчмөн цивилизациясында ар ким өз ордунда жана ар дайым өзүнүн үй-бүлөсүнүн алдындагы милдеттерин аткарууга даяр болгон. Кыргыздар дайыма "Биринчи байлык – ден соолук" деп эсептешет. Бир үй-бүлөнүн сакталышы – бүтүндөй бир уруктун сакталышы. Ошондуктан, бүт урук ар бир үй-бүлөнүн ден соолугуна кам көрүп, биргелешип, жашоого шарт түзүп жана жалпы коопсуздукту камсыз кылууну милдет катары карашкан. Мындай биргелешкен үй-бүлөлөр жалпы талаачылык, анын ичинде дан, жашылча-жемиш жана мал чарбаларын жүргүзүшкөн. Дегеле үй-бүлө - кыргыздар үчүн балдардын физикалык, руханий жана адеп-ахлактык жактан өсүшүнүн ыйык борбору. Үй-бүлө, тууганлык мамилелерин талдоодо эң татаал жана ошол эле учурда актуалдуу маселелердин бири – бул үй-бүлөнүн социалдык институт катары өз алдынча түзүлүшүнүн маанилүү элементи болгон үй-бүлө башчысынын концепциясын жана статусун аныктоо. Ошол эле учурда азыркы үй-бүлөдө ички мамилелер чоң өзгөрүүлөргө дуушар болгонуна карабастан, тууганлык аталыштар сакталып келүүдө. Кыргыздар үчүн үй-бүлө – урпактарды көбөйтүүнүн, келечек муундарды тарбиялоонун негизги багыты болуп, салттуу намыс, абийир, коомго пайдалуу түшүнүктөрдүн негизинде саналат[10]. Кыргыздар балдарга "элдик бала бол" (элиңе кызмат кыл, эл менен бол) деп осуят кылып келет. Башка жердегидей эле кыргыз үй-бүлөсү бүгүн экзогамдык (б.а. жакын туугандардын никеге туруусуна тыюу салынган). Мындан тышкары, заманбап коомдун адамдары өздөрүнүн тандоо мүмкүнчүлүгүн чектеген эндогамия нормаларын аздыр-көптүр карманышат. Дини, расасы, социалдык классы жана билим деңгээли сыяктуу факторлор инсандын жашоого өнөктөш издей турган тобун аныктайт [5].

Кыргыз тили көп кылымдар бою өзгөрүүгө дуушар болгон, ошол эле учурда уңгусунун маанилүү жактарын сактап кала алган байыркы тилдердин бири экенин түшүндүк. 11-кылымдын жазма эстелиги Махмуд Кашгаринин «Диван лугат ат-түрк» сөздүгүндө тууганчылыкка байланыштуу сөздөр кездешип, айрымдары азыркы кыргыз тилинин сөздүгүндө колдонулбай калган [13]. Бул изилдөөлөр тарыхый-салыштырмалуу методдун негизинде жүргүзүлгөн. Тууганчылыкка байланыштуу сөздөр сөздүктө азыркы кыргыз тилинин материалдары менен салыштырылып изилденген. Анын негизинде азыркы кыргыз тилинин колдонулуш деңгээли аныкталат. Кээ бир учурларда, салыштыруу үчүн тектеш тилдердеги фактылар колдонулган. Натыйжада М.Кашгаринин сөздүгүндө азыркы кыргыз лексикасындагы тектеш сөздөрдүн колдонулуш деңгээли аныкталып, төмөндөгүдөй бөлүштүрүлгөн: М.Кашгаринин «Диван лугат ат-түрк» сөздүгүндө катталган тууганчылыкка байланыштуу сөздөр жана азыркы кыргыз тилинде өзгөрүүсүз колдонулат: ата - ата, еже - эже, ини - ини, еркек - эркек, атаке - атаке, қыз - кыз, киши - адам, төркүн - төркүн, келин -

келин, қары - кары киши, ак сакал - ак сакал ж.б. Сөздүктөгү тектеш сөздөрдүн фонетикалык өзгөрүщү менен азыркы кыргыз тилинде колдонулган сөздөр: уғул - уул, уғлан - улан , аба - апа, эне, еге - эже, улуу эже, өге - ага, өгей уғул - өгөй уул, қазын - кайын, емиқдеш - эмчектеш, тун уғул - тун уул, йезне - жезде, йурығчы - жуучу, ортомчу, йеңе - жеңе, савчы - жуучу, ортомчу, күни - күндөш, тағай - тага, таеке, қаңсық ата - өгөй ата, қаңсық уғул - өгөй бала, тутунчы уғул - бакма, асыранды бала, тутунган уул, ерңен - бойдок (эрен), қаатун - катын ж.б.

М.Кашгаринин сөздүгүндө кездешкен, бирок азыркы кыргыз тилинде колдонулбаган тууганчылыкка байланыштуу сөздөр: үзүк, урағут, ишлер - аял, катын, ынал - энеси ак сөөк, апасы карапайым адамдардан төрөлгөн балдар, оғуш - урук-тууган, беки - жубайлар, кис - жубай, колукту, қузуз - эрден чыккан аял, чыкан - бөлө, таэженин баласы, намыжа - бажа, туғсақ - жесир, жамрақ - балдар, қазнағун - кайын-журт, йурч - аялынын кенже иниси, кайни, муйанчы - ортомчу, араздашкан экөөнү бириктирүүчү, қуртға - кемпир, туңур - аялга күйөөсүнүн туугандары ж.б. [13].

Демек, М.Кашгаринин сөздүгүндөгү сөздөрдүн көбү азыркы кыргыз лексикасында колдонулат жана бул тыянак кыргыз тили байыркы түрк тилдеринин бири экенин далилдейт. Махмуд Кашгаринин «Диван лугат ат-түрк» сөздүгүндөгү тектеш сөздөрдүн азыркы кыргыз тили менен байланышын изилдөөнүн жыйынтыктары кыргыз тилинин тарыхын, тарыхый лексикологиясын, тууганчылыкка байланыштуу аталыштарды салыштырып изилдөө үчүн материал боло алат.

**Колдонулган адабияттар:**


1. Асанканов А., жооптуу редактор, Кыргыз тарыхы: Энциклопедия / Бишкек: Мамлекеттик тил жана энциклопедия борбору, 2003.
2. Жумалиев С., «Манас» эпосунун лексикасынын хроно-топологиялык стратификациясы. Докт. Дисс. Адистиги: 10. 02. 01 – Кыргыз тили. –Б., 2015.
3. Ибраимов М. Кыргыз макал-лакап, учкул сездеру “Кыргыз Тарыхы. Энциклопедия” Бишкек 2003.
4. Исаев Кусеин. Кыргыз ким болгон? Ким болду? Ким болуш керек? - Б.: «Улуу тоолор»., 2017
5. Кален Сыдыкова, «Чачылган Кыргыздар. Илимий-тарыхый энциклопедия», Бийиктик, 2005.
6. Мамбеттурду Мамбетакун, Кыргыз Адабият Тарыхы, Үрүмчү: Шинжаң Эл басмасы, 1996.
7. Манас: I китеп. Фрунзе, 1978.
8. Манас: II китеп. Фрунзе, 1980.
9. Осмонов, А.С. Мырзакматова. Кыргызстан тарыхы. Орто мектептин 10-классы учун окуу китеби. - Б.: 2004 ~ 125~ КЫРГЫЗ АДАБИЯТЫ.
10. Сартбекова Н.К. Национальная специфика концептуальной основы эпической поэмы «Манас»// Сартбекова Н.К., Айталиева Т.К., Кулалиева К.О.// Научный Вестник Ужгородского университета сер. физ. 2024;(55):275-285.
11. Саттаров С. Абат тарыхы, санжырасы жана ичкилик кыргыздар. Ош. 2012.
12. Худяков Ю.С. Кыргызы на просторах Азии Отв. ред. Т.К.Чоротегин. – 2-е, исправленное изд. – Бишкек, 1995.

13. Чоротегин Т.К. Махмуд Кашгари (Барскани) жана анын “Дивану лугати-т-турк” сөз жыйнагы: (1072-1077). Жооптуу редактор Өмүркул Караев. – Бишкек: Кыргызстан, 1997.
14. Юдахин К.К. «Киргизско-русский словарь» –М.: Сов. Энцикл., 1965

**Рецензент: филология илимдеринин кандидаты, доцент Айдаралиева Г.М.**